**БЕКИТЕМИН**
Ала-Тоо эл аралык университетинин
ректору, пед.и.к. доцент
Ж.Ж. Жакшылыков
_______________________________
колу
«_03_» Октябрь__________2024-ж.

М.п.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын жайылтылышы боюнча түзүлгөн**

**АКТ**

1. **Илимий ишти жайылтуучунун аты-жөнү:** Ибраев Алмазбек Дүйшөкович.

2. **Илимий иштин аталышы:** «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аталыштагы диссертация.

3. **Кыскача аннотация:** Диссертацияда дистанттык билим берүүнүн пайда болу тарыхы жана проблемалары изилденген жана IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү ролу, орду белгиленип илимий өбөлгөлөрү аныкталган. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздер аныкталып, окутуу жана тарбиялоо процесстерин регламентөөчү принциптери иштелип чыккан. Изилдөөнүн өзөгүндө дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну аныкталып схемасы берилген, аны менен бирге дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып илимий жактан негизделип берилген. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып сунушталган жана анын педагогикалык модели түзүлүп чыккан. Сунушталган методикалык система блокторго бөлүнүп анын ар компонентине мүнөздөмө берилген. Иштин жүрүшүндө дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери изилденип, методикалык системанын эффективдүүлүгү реалдуу шарттарда текшерүүгө алынган.

4. **Илимий ишти жайылтуунун алгылыктуулугу:** Изилдөөдөн алынган натыйжалар Кыргызстандын жогорку окуу жайларында аралыктан билим берүүнү өркүндөтөт. Жогорку окуу жайлардын дистанттык билим берүүсүндөгү проблемаларды жөнгө салууга жардам берет. Сунушталган методикалык система дистанттык билим берүүнүн сапатын көтөрүп, мугалимдерге жакшы таяныч болот. Бул эмгектеги натыйжалардын жайылтылышы Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын дистанттык билим берүүсүн гана өркүндөтпөстөн орто кесиптик окуу жайлардагы, мектептердеги онлайн билим берүүнү да өркүндөтүүгө жардам берет. Бул эмгек, илимий изденүүчүлөр үчүн маанилүү илимий-методикалык каражат катары кызмат кылат.

5. **Илимий ишти жайылтуу жери жана убактысы:** 2021, 2022, 2023, 2024-окуу жылдарында Бишкек шаарынын Ала-Тоо эл аралык университетинде жүргүзүлдү.

6. **Илимий ишти жайылтуу формасы:** офлайн жана онлайн окуулар, тренинг-семинарлар аркылуу ишке ашырылды.

ДББ борборунун башчысы ________________________

Изденүүчү: Ибраев А.Д. ______________________